“АРНОО”

Обону:Шыраз Нуратдинов
Сөзү:Тимур Салиев

Айтайын ырдын арасында,
Сен мага жагасың да.
Ырымды сага арнап келем,
Адамдар арасында.

Айтайын элдин арасында,
Жылдыздай жанасың да.
Сыйымды сага арнап келем,
Ырымдын арасында.

П-в:
Жаным досум ардагым,
Жаным досум жайнагын.
Жүрөктү ач көңүлүңдү ач,
сен жаркыра жашагын.

Жаным досум ардагым,
Жашырбайын айтайын.
Жүрөктү ач көңүлүңдү ач,
Хей достукту арнайын.

2-куп:
Арналган дүйнөбүз кенен,
Сый-урмат көңүл менен.
Күндөрдүн чексиз жарыгы бар,
Дем берген сөзүң менен.

Арнайын аруу дил менен,
Сырдашым сени менен
Күч алып күүгө айланамын,
Достуктун деми менен.